# Китепканадагы олко таануу иши

*Закирова А.А.*
*Сузакская централизованная библиотечная система*
*Кыргызстан*

Кыргыз Республикасы – эгемендүү мамлекет. Элибиздин эң байыркы тарыхына карабастан, биздин кылымдардан келаткан улуу мүдөөбүз – улуттук көз карандысыздыгыбыз XX-кылымдын аягында гана колубузга тийди. Бул кыргыз элинин Борбор Азиядагы эң байыркы этностун 2000 жылдан ашкан жолунун негизги тарыхый жыйынтыгы болуп эсептелет.

Кыргыздардын эң баалуу мурасы- бабалардан калган касиеттүү Ала-Тоо жергеси болуп саналат. Биздин ата-бабаларыбыз урпактарына аскасы асман тиреген кооз тоолорду, дүйнөдө теңдеши жок табият бермети-Ысык-Көлдү, түшүм берекеси мол төгүлгөн кулпурган өрөөндөрдү, мөлтүр тоо булактары менен дарыяларды асырап жана нукура кооздукта мурас калтырышты.

Кыргызстан асман тиреген тооолордун, шаркырап аккан өзөндөрдүн, кең мөңгүлөрдүн, көз жоосун алган жайыттардын, токойлордун, тунук жана таза көлдөрдүн мекени. Мына ушундай жерде сыйчыл, токтоо жана эмгекти сүйгөн карапайым адамдар жашашат. Бул жер кыргыздын жери. Эми ушул жердин ээси кыргыздар ким эле, азыр Ким болду, - деп ой жүгүртсөк, жашап жаткан кылымдын башында кыргыз эли жөнүндө билбегендер да болгондугуна таң каласың.

Жомоктогудай бай өрөөндө жокчулук жана ачарчылык өкүм сүрүп, ар бир кадам сайын жетишпегендик, зомбулук жана кайгы эрчип жүргөн. Байыркы замандан бери кыргыздын ата-бабалары көчмөндүү турмуш өткөрүп, малчылык менен жан багышкан. Алардын жашоо турмушу жазында тоодо, кышында жакада сыяктуу көчүп жүрүү менен өткөн. Кылымдар алмашып, убакыт илгерилеген сайын кийинки муундар да өзгөрүлө баштаган.

Кыргызстандын жаратылышы кандай сонун, кандай кооз! Жолдо кетип баратып сүрөтчүнүн кыл калеминен эле жаралгандай, ажайып жайларга көз моокумуң канбайт. Бул сулуулукту кара сөз менен айтып жеткире албайсын. Акындардын ырлары, музыканттардын музыкасы да аздык кылат.

Ушундай бейиштегидей бай жеримде дүйнө жүзүнө белгилүү кыргыздын уул-кыздары эмгектенип, өмүр сүрөт. Күн санап эмес, саат сайын жерим, Мекеним гүлдөп, өсүп-өнүгүүдө. Баарыбыз үчүн өтө кымбат-туулган жер. Кыргызстаным, туулган уям, мен сени кандай ардактап, урмат менен сүйөм.

Азыркы учурларда өз мекенин билүүгө кызыгуучулардын саны артууда, бул закон ченемдүү көрүнүш болуп калды. Ал эми республикалардын эркин мамлекет болуп бөлүнүшү, улуттук аң сезимдин өсүшү, жергиликтүү башкаруу бийликтеринин укуктарынын кеңейиши, өз жергесине чөйрөсүн ар тараптан окуп үйрөнүү зарылчылыгын пайда кылды.

Мекен таануу иши ар кандай көз караштагы, кесиптеги, жаштагы адамдарды өз Мекенин окуп үйрөнүү аракетине баш коштурат. Муну менен китепканалардагы Мекен таануу иштеринин мани-максаты да өсүүдө.

Өз жерин, өз Мекенин, озу туулуп оскон айылынын тарыхын билуу, айылынан чыккан улуу инсандарынын омур таржымалын жаны осуп келе жаткан жаш муундарга жеткируу ар бир адамдын парзы. Озу туулуп өскөн жердин жаратылышын, маданиятын, урп-адатын, каада салтын билүү бул ар бир адамдын милдети. Мекен таануу боюнча адабияттарды прапагандалоодо эң жакшы жетишкендиктерге китепканалык иште ар түрдүү фома жана методдорду активдүү пайдаланган окурмандар арасында жекече жана массалык иштерди айкалыштыруу менен комплекстүү мамиле жасаган гана китепканалар жетише алышат.

Жалпы окурмандарды, айрыкча жаш муундарды Ата-мекенин сүйүүгө жана урматтоого тарбиялоо менен өз өлкөбүздүн тарыхын билүү ар бир атуул үчүн өзгөчө экендигин, тулуп өскөн жердин топурагы алтын экендигин барктоо, урматтоо жөнүндөгү адабияттарды калк арасына жайылтууда Сузак райондук китепканада төмөндөгүдөй массалык иш чаралар өткөрүлүүдө.

Райондук китепкана тармагында «Биздин Сузак району 90 жашта», «Өлкөбүздү сактайлы», «Туулган жердин топурагы алтын», «Кыргызстан менин мекеним», «Гүлдөй бер, эгемендүү Кыргызстан», «Кыргызстандын тарыхы-дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү», «Сузак районунун залкар акын жазуучулары», «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин», «Сузак районунун баатырлары», «Сузак районунун 90 жылдык тарыхы», «Кутмандуу жерим Сузагым, Кубаттап мени турарым», «Ата журтум улуу мурасым», «Өз жериме сыймыктанамын», «Сузак району кечээ, бүгүн жана эртең», «Менин айылым жана менин айылымдын тарыхы».

Сузак районунун Калмак-Кырчын айылын жердеген айтылуу Курманбек баатырдын эрдигин даңазалоо менен бирге калк арасына жайылтуу багытында иш алып баруу:

**«Курманбек баатырды даңктайлы».**
«Курманбек баатырдын балалык чагы»
«Тейит хандын Токсо-Абага куда түшкөнү»
«Дөлөн хандын кыргыздарга кол салышы»
«Тейит хандын Кеңеш курганы»
«Көк-Арттагы согуш»
«Калмактардын чегине башташы»
«Тейит хандын кейигени»
«Бакбур хандын койгон шарттары»
«Курманбектин Кош-Аңдагы арманы».

Мекен таануу-бул ата-бабалардын бизге гана эмес, бизден кийинки муундарга да кала турган нерсе. Районубуздун 90 жылдык маарекесин татыктуу тосуп алуу, районубуздун китебин жазууга маалыматтарды топтоо боюнча Сузак райондук китепканалар тармагынын кошкон салымы.

Жалпы окурмандарга таандык китепканадагы мекен таануу ишин жайылтуу максатында төмөндөгүдөй иш чараларды камтыган мүнөздөгү комплекстүү программа сунуш кылынат:

- Мекен таануу адабияттарынын фондусу менен иштөө;

- Мекен таануу каталогдорун жана картотекаларды жүргүзүү;

- Райондун белгилүү, өмүрү өрнөктүү адамдарынын каталогдорун түзүү, өмүр таржымалы жөнүндө толук маалымат берүү;

- Райондун залкар акын жазуучуларынын картотекаларын түзүү, китепканага бюсттерин тургузуу, өмүр таржымалы жөнүндө маалыматтар;

- Райондун баатыр уулдарынын буклеттерин,портреттерин жана омур таржымалын жана картотекаларын түзүү;

- Туулган жердин топурагы алтын дегендей, ар бир кыргызстандыктар патриоттук сезимдер менен жашап, өзүбүздүн иш билгичтигибиз, демилгелүүлүгүбүз, чыгармачылдыгыбыз, билимдигибиз, эпчилдигибиз, чыныгы маданиятыбыз, күч аракеттерибизди бириктирүүбүз аркылуу гана дүйнөдөгү татыктуу ордубузду ээлей алабыз. Өзүбүздөн башка эч ким бизге татыктуу жашоону камсыз кылып бербейт.

Кыргызстан – биздин Ата мекенибиз бабаларыбыздын ыйык журту, калайык-калктын орток уйу. Аны ак эмгек жана аракетчилдигибиз менен гулдотуп-онуктуруу жана журогубуздогу атуулдук суйуу сезими менен кастарлап, сактоо-биздин бирден бир ыйык парзыбыз.